## Мамлекеттик казына векселдер рыногу

*(2012-жылдын июль айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




МКВны жайгаштыруунун чогуу алгандагы көрсөткүчү июль айында 352,6 млн. сом өлчөмүндө чыгуу менен өткөн айдагыга салыштырганда бир аз өсүшкө ээ болгон. Бул жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон баалуу кагаздар сегментинде сатуунун июнь айындагы 68,6 млн. сомго салыштырганда, 122,6 млн. сомго жетишинин эсебинен келип чыккан. Мындан тышкары, жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВ боюнча сатуу да өсүшкө ээ болуп (+4,7 пайызга), 20,0 млн. сомду түзгөн. Ошол эле учурда, 12 айлык кагаздарды жайгаштыруу көрсөткүчү тескерисинче, 16,6 пайызга, 210,0 млн. сомго чейин төмөндөгөн. Каралып жаткан мезгил ичинде МКВлардын орточо айлык кирешелүүлүгүнүн чогуу алынган көрсөткүчү 8,5 пайызды түзүп, ай ичинде бул баалуу кагаздын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн төмөндөшүнүн эсебинен 0,9 п.п. азайган. Аларды төмөнкүчө

**2-график. МКВ аукциондорунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




чагылдырууга болот: жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВ боюнча 6,3 пайызга (-0,3 п.п.), жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВ боюнча 7,3 пайызга (-0,5 п.п.) жана жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВ боюнча 9,4 пайызга (-0,6 п.п.).

Июль айында суроо талаптын орточо аукциондук көлөмү[1] 183,4 млн. сомду түзүп, өткөн айдагы көрсөткүчкө караганда 86,9 пайызга көбөйүп, ал эми сатуунун орточо аукциондук көлөмү 3,9 пайызга, 88,2 млн. сомго чейин өскөн.

Бюджеттин тартыштыгын таза каржылоо өлчөмү июль айында 2,2 эсеге, 236,8 млн. сомго чейин жогорулаган. Ушул мезгил ичинде Финансы министрлиги 232,6 млн. сом

[1] Бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат, анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруктуу эмес.

суммасына МКВлардын ордун жапкан. Мында, таза каржылоонун суммардык маанисинин айкын наркы боюнча сатуунун чогуу алгандагы көлөмүнө карата катышы катары эсептелинген МКВ рыногун жыл башынан берки натыйжалуулугу январь айынан июль айын кошо алганды мезгил ичинде 31,3 пайызды түзүп, июнь айынын акырындагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, 4,4 п.п. жогорулаган. 12 айлык МКВны сатуунун ар айлык көлөмүнүн төмөндөшүнүн уланышы июл айында 157 күндү түзгөн дюрация өлчөмүнүн кезектеги төмөндөшүнүн негизги себебинен болгон, бул өткөн айдагы ушул көрсөткүчтөн 4 күнгө кыска дегенди түшүндүрөт (июнь айында дюрация 10 күнгө кыскарган).

**3-график. МКВларды сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Июль айында өткөн айга салыштырганда жүгүртүүдөгү МКВ көлөмү 4,4 млрд. сомго чейин (+5,8 пайызга) жогорулаган. Коммерциялык банктардын сыяктуу эле, институционалдык инвесторлордун портфелдеринин сандык көрсөткүчүнүн өсүшүнө карабастан, алгачкы катышуучулардын чогуу алгандагы үлүшү 2,4 п.п., 75,5 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошол эле учурда институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы тескерисинче, 21,9 пайызга жетүү менен 2,9 п.п. көбөйгөн. Жеке адамдар – резиденттер жана резидент эместер, ошондой эле юридикалык жактар-резиденттердин атынан иш алып барган рыноктун калган катышуучуларынын 3 пайыздан ашпаган суммадагы үлүшү ай ичинде 0,5 п.п. төмөндөп, ушул жылдын февраль айында башталган төмөндөөгө ык койгон динамиканы уланткан.

МКВ экинчилик рыногунда төлөөгө чейин кармалып турууучу баалуу кагаздарды сатып алуу-сатуу боюнча коммерциялык банктар ортосунда ишке ашырылган 2 операция катталган. Алардын жалпы суммасы 4,2 млн, сомду түзгөн. Төлөө мөөнөтү 136 күндү түзгөн, экинчилик рынокто ишке ашырылган бүтүмдөрдүн предметинен болгон баалуу кагаздардын орточо алынган кирешелүүлүгү жылдык 7,0 пайыз чегинде катталган.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

%

| Мезгил аралагы | Орточо салмактан ып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Теке'2011 | 18,8 | 9,2 | 15,0 | 20,5 |
| Баш оона | 16,5 | - | 13,6 | 17,0 |
| Аяк оона | 15,3 | - | 13,3 | 15,6 |
| Тогуздун айы | 14,2 | 8,1 | 13,4 | 15,0 |
| Жетинин айы | 14,0 | 6,9 | 13,4 | 15,0 |
| Бештин айы | 13,4 | 6,6 | 13,3 | 14,9 |
| Үчтүн айы'2012 | 12,7 | 6,4 | 12,5 | 14,3 |
| Бирдин айы | 12,0 | 6,5 | 11,3 | 13,4 |
| Жалган куран | 11,9 | - | 10,7 | 12,3 |
| Чын куран | 10,3 | 6,5 | 8,8 | 10,8 |
| Бугу | 9,9 | 6,6 | 8,1 | 10,2 |
| Кулжа | 9,4 | 6,6 | 7,8 | 10,0 |
| Теке | 8,5 | 6,3 | 7,3 | 9,4 |

**2-таблица. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банк | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке адамдар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес адамдар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.08.2011 | 2 919 710,1 | 0,0 | 0% | 2 786 906,7 | 95,5% | 33 000,0 | 1,1% | 9 884,3 | 0,3% | 89 919,1 | 3,1% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2011 | 3 366 523,0 | 0,0 | 0% | 2 875 799,6 | 85,4% | 355 307,9 | 10,6% | 13 669,8 | 0,4% | 121 745,7 | 3,6% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2011 | 3 511 838,0 | 0,0 | 0% | 2 926 944,6 | 83,3% | 446 727,9 | 12,7% | 14 114,8 | 0,4% | 124 050,7 | 3,5% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2011 | 3 608 998,0 | 0,0 | 0% | 2 967 376,6 | 82,2% | 504 377,9 | 14,0% | 14 777,8 | 0,4% | 122 465,7 | 3,4% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2011 | 3 546 108,0 | 0,0 | 0% | 2 896 673,4 | 81,7% | 514 146,1 | 14,5% | 14 122,8 | 0,4% | 121 165,7 | 3,4% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2012 | 3 579 218,0 | 0,0 | 0% | 2 839 461,4 | 79,3% | 584 286,1 | 16,3% | 16 694,9 | 0,5% | 138 775,6 | 3,9% | 0,0 | 0,0% |
| 01.02.2012 | 3 525 973,0 | 0,0 | 0% | 2 801 197,9 | 79,4% | 570 286,1 | 16,2% | 17 172,4 | 0,5% | 137 316,6 | 3,9% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2012 | 3 642 003,0 | 0,0 | 0% | 2 839 026,4 | 78,0% | 637 663,9 | 17,5% | 20 192,3 | 0,6% | 145 120,4 | 4,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2012 | 3 802 423,0 | 0,0 | 0% | 3 005 516,9 | 79,0% | 631 709,3 | 16,6% | 18 898,8 | 0,5% | 146 298,0 | 3,8% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2012 | 3 931 115,0 | 0,0 | 0% | 3 155 496,6 | 80,3% | 623 228,2 | 15,9% | 21 541,1 | 0,5% | 130 849,1 | 3,3% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2012 | 4 018 528,0 | 0,0 | 0% | 3 174 357,1 | 79,0% | 700 074,6 | 17,4% | 17 004,5 | 0,4% | 126 011,8 | 3,1% | 1 080,0 | 0,03% |
| 01.07.2012 | 4 120 877,0 | 0,0 | 0% | 3 210 203,8 | 77,9% | 780 516,2 | 18,9% | 14 226,7 | 0,3% | 114 850,3 | 2,8% | 1 080,0 | 0,03% |
| 01.08.2012 | 4 358 327,0 | 0,0 | 0% | 3 288 649,3 | 75,5% | 953 330,3 | 21,9% | 13 843,2 | 0,3% | 101 424,2 | 2,3% | 1 080,0 | 0,02% |